**УДК 821.512.154**

**КАЗАКБАЕВА Ж.Ж.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
***Казакбаева Ж.Ж.***
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**KAZAKBAEVA ZH.ZH.**
*KNU J. Balasagyn*

# НУРМОЛДОНУН АГАРТУУЧУЛУК ИШМЕРДИГИ, АКЫНДЫК ӨНӨРҮ ТУУРАЛУУ

## О просветительной и поэтической деятельности Нурмолдо

## About the educational and poetic activities of Nurmoldo

***Аннотация:*** *Макалада Нурмолдо Наркул уулунун агартуучулук ишмердүүлүгү жана төкмө акын катары чыгармачылыгы тууралуу сөз жүрөт. Мында анын эл агартуу тармагында сиңирген эмгеги, акындык чеберчилигинин айрым аспектилери ачылып берилет. Макала адабият таануучуларын, китеп сүйүүчүлөрүн жана мектеп мугалимдерин кызыктырат деген ишенимдебиз.*

***Аннотация:*** *В статье речь идет о просветительской и творческой деятельности Нурмолдо Наркул уулу, и как о акыне-импровизаторе здесь раскрываются некоторые аспекты его деятельности в области народного просвещения и о его поэтическом мастерстве. Мы уверены, что статья заинтересует литературоведов, книголюбов и учителей школ.*

***Abstract:*** *This article is about enlightening and as a poet-improviser of creative activity Nurmoldo Narkul uulu. It reveals some aspects of his activities in the field of public education and poetry. We are sure that the article will interest literary scholars, book lovers and school teachers.*

***Урунттуу сөздөр:*** *жазгыч акын, төкмө акын, мугалим, жаңычылдык, мектеп, билимдүүлүк, окумалдык, кол жазма, диндик тема, икая, эгемендүүлүк, көркөм мурас, накыл кеп.*

***Ключевые слова:*** *поэт-письменник, поэт-импровизатор, учитель, новаторство, школа, образованность, начитанность, рукопись, религиозная тема, притча, независимость, художественное наследие, назидательные слова.*

***Keywords:*** *poet-writer, poet-improviser, teacher, innovation, school, education, wellread, manuscript, religious theme, parable, independence, artistic heritage, instructive words.*

Жазгыч акындар кимдер дегенде, эң эле биринчи иретте көңүлгө Молдо Нияз, Тоголок Молдо, Молдо Багыш, Молдо Кылыч, Нурмолдо, Жеңижок келет. Бул аталган өнөр инсандардын ар бири өзүнчө аска-зоо, учу-кыйырына көз жеткис улуу мухит сымал. Булар тууралуу кеп учугун бир козгоп баштасаң, түк дагы акырына жетпөөчүдөйсүң. Убагы келгенде булардын ар бири тууралуу өз-өзүнчө кенен сөз болор. Бул жолку кебибиз агартуучу жана жазгыч акын Нурмолдо тууралуу жүрмөкчү.

Белгилүү агартуучу, жазгыч акын Наркул уулу Нурмолдо 1838-жылы Ала-Бука районуна караштуу Кош-Терек айылында жарык дүйнөгө келген. Нурмолдо бала чагында, XIX кылымдын 40-жылдарында ошол Кош-Теректеги мечитке окууга кирет.

Мечиттен ал кат таанып, сабаты ачылып, китеп окуганга жарап, бир топ такшалып чыккан. Ийгиликтерге жетишкенин көрүп, устаты Намангандагы Молдо Кыргыз медресесине жолдомо жиберген. Ал талабалык (студенттик) мезгилинде эле илимге көрсөткөн аракети менен сабак бере турган даражага жеткен. Медресени бүтүргөн соң, ошол эле окуу жайда бир канча жылдарга чейин мугалим болуп эмгектенген. 1920жылы каза болгон.

Улуу Октябрь төңкөрүшүнө чейинки окутуучу мугалимдердин эң бир даңазалуусу, белгилүү төкмө акын, Кыргызстандын Совет өкмөтү орногонго чейинки мечит-мектептеринде молдочулук, мугалимдик кылган Нурмолдо Наркул уулунун агартуучулук-педагогикалык ишмердиги, окутуу ишин алып баруудагы мугалимдик чеберчилиги жөнүндө айтпай кетүүгө болбойт. Ал өлкөбүздүн Ала-Бука, Аксы аймактарындагы мечиттерде молдочулук, мугалимдик ишин алып барган. Бир кездерде Кетмен-Төбөлүк кадимки Керимбай болуш, «айтышарга теңи жок» акын Жеңижок да Нурмолдодон окуган. Өзүнүн ар тараптуу билими, көп тил билгендиги, дарыгерлиги менен Нурмолдо жеке эле кыргыз жергеси эмес, жалпы Түркстан аймагына таанылып, атагы алыска кеткен.

Нурмолдо Теңир-Тоо аймагын бүт кыдырып, ал гана эмес Чыгыш өлкөлөрүнүн көбүндө болгон. Кашмирде бир нече жыл жашап, өнөр-билим үйрөнүп келген. Дүйнөгө кенен карап, билим берүүгө терең маани берип, көп тил билгендиктен, ал окуучуларына дин китептеринен тышкары чыгыш классиктеринин чыгармаларын окутуп үйрөткөн. Анын мектебинде кыргыздын көркөм сөз үлгүлөрү: ырлары, кошоктору жаңырып, «Манас» эпосунун үзүндүлөрү айтылып, анын материалдарын окутууга киргизген. Нурмолдонун эң негизги педагогикалык, новаторлук, мударисттик өзгөчөлүгү, агартуучулукка алып келген жаңылыгы болуп, эне тилин туу тутуп, жогору баалагандыгы эсептелинет. «Ал тактайды кыбыла тараптагы дубалга мык кагып илип, арчанын көмүрү менен ыр табышмак, кошок дастандан парча (үзүндү) жаздырчу, окутчу». Ал тургай Нурмолдо окуучуларын бир апталык дарс-саякатка алып чыгып, Манастын ысымына байланышкан жерлерди кыдыртып, практикалык сабак өткөндүгүн анын окуучусу болгон Токмолдо карыя эскерет. Ошол мезгилде ушундайча сабак окуткан Нурмолдонун дидактикалык-методикалык сабаты, усулдук чеберчилиги бир топ жогорку деңгээлде экендигин байкоого болот. Ал сабактын окуучуларга жеткиликтүү, кызыктуу болушу үчүн, мисалы, «Ким табаган?» деген сыяктуу усулдук ыкманы окутууда ийгиликтүү пайдаланган. Ал мына ушул сыяктуу табышмактарды үйрөнүүгө арналган ыкманы окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн колдонгон. Нурмолдо мындай акыл-эсти чыңалтып, ой жүгүртүүгө негизделген дидактикалык табышмактарды окуучуларына жаттатып, алардын терең кызыгууларын жарата алган. Андан окугандар 1940–50-жылдарда деле күнү бүгүнкүдөй табышмактарды, макалдарды жатка айта алышчу экен. Анткени Нурмолдо мугалимдин бөтөнчө оригиналдуу усулдук ыкмада берген сабактары алардын аң-сезиминде эстен кеткис болуп сакталган. Нурмолдо окуучуларына курулай теорияны жаттата бербей, сабакты турмушта (практикада) колдоно билүү үчүн эркек балдарга дыйканчылык өнөрдүн сырларын үйрөтүп, «Оп майда», «Шырылдаң» айттырса, кыздарга «Бекбекей», «Тон бычуу» сыяктуу ырларды, кошокторду үйрөтүп, жаттатып айттырган. Окуучулар «Жарамазан», «Шырылдаң», «Оп майда», «Сугат», «Орок салуу» деген сыяктуу элдик ырларды жатка айтканга үйрөнүшкөн. Нурмолдонун мындай усулдук ыкмасы негизинде окуучулар сөздөрдүн маанисин оңой түшүнүп, тилин жатыктырып, сөздөрдү так айтууга көнүгүшкөн. Сөз байлыгы өсүп, байып, сүйлөй билүүсү (речи) өнүгүп, көркөм окуй билүү жөндөмү артып, кыргыз этносунун эле эмес, боордош элдердин да салт-санаасын, адабиятын, маданиятын билип, белгилүү бир коомдук турмуштагы практикалык руханий көндүмдөргө ээ болушкан.

Ал кездеги медресе, мектептерде окуткан демейки мугалимдерден айырмаланып, Нурмолдо окуучуларына кол көтөрүп, чыбык менен сабаган эмес. Токмолдо карыянын эскермесинде айтылгандай, ал сабакты ушунчалык кызыктырып, түшүнүктүү кылып бергендиктен, «…дөөпөрөстөр да айтканын дегендей кайталап бере турган. Жооп кайтара албай калсак, унчукпай тим койчу. Беттен албачу. Такыбачу. Урушпачу. Ушинткен сайын биз окууга кызыгабыз» – дейт. Нурмолдонун окуучуларына жасаган гумандуу, адамкерчиликтүү мамилеси бүгүнкү күндө да өз маанисин жогото элек жана жоготпойт дагы.

Нурмолдонун мечит-мектептерде балдарды алгачкылардан болуп кыргызча окутуп, «Манасты» окутууга киргизип, аларды Манас ысымына байланыштуу жерлерге саякатка алып барышы, «Ким табаган?» усулдук ыкманы иштеп чыгып, ырларды, кошокторду жана кесипке байланыштуу тексттерди жат айттырышын нукура педагогикалык чыгармачылык ишмердүүлүктүн классикалык үлгүсү дебей, эмне дейбиз! Анын ыр, табышмак, кошок, дастандардан үзүндүлөрдү жатка кыраатын келтире үн чыгарып айттырышы көркөм окуунун алгачкы башаты экендигин белгилей кетмекчибиз.

Нурмолдонун ата-теги хан ордолорунда, илим-билим борборлорунда, дин ислам изилдөөчүлөрүнүн арасында жашап өткөн илимкөй адамдар болгон. Атасы Наркул, калган ата-бабаларын нары көздөй атаганда: Молдо Темир, Кара кычкач, Молдо кыргыз, Нурмухаммат, Молдо Сайпидин, Абасхан, Чурчар, Аличур болгондугу айтылат. Молдо кыргыз медресесинде окууну бүткөн соң бир көзү ачык олуянын чакыруусу менен Индиядагы Кашмир шаарына барып, беш жыл окуп, апсундукту (олуялыкты, жайчылыкты) үйрөнөт. Мекеге барып ажы болуп келет. Өзү жашаган аймакта эшен деген зор атакка жеткен.

Анын Сулайман, Төрөбек, Умар деген үч уулу, Айсулуу аттуу бир кызы болгон. Нурмолдо чыгармаларын кагазга түшүргөн жана төгүп ырдаган акын болгон. Совет доорундагы молдолордун, ислам илимпоздорунун артынан куугунтук жүргүзгөн мезгилде кол жазмалары жоголуп, өзү өлгөндөн кийинки мезгил каарынан чочулаган туугандары, урпактары атайылап жоготкон учурлары да болгон деп айтылат. СССР мезгилинде Нурмолдо жөнүндө оозеки учкай гана айтылып, Жеңижок, Токтогул дагы башкалар менен айтышканы гана эскерилип, ал да анын кемчил жагын көрсөтүү үчүн айтылчу. Эгемендүүлүк келгенден кийин «Замана», «Молдо кыргыз медресесиндеги ыр» аттуу чакан эки китеби жарык көргөн. «Замана» акын өзү жашоо кечирген заман тууралуу ойчул ырларынан жана «Нурмолдо тууралуу» икаялар деген бөлүмдөрдөн турат. Экинчи китепте да өз доорундагы саясий-социалдык абалдарды чагылдырган «Замана» аттуу айрым ыры бар. Нурмолдонун бул ырдагы жана замандаш ырчыларды мүнөздөгөн чыгармалыгындагы көз карашы ошол кездеги чыгаандар: Калыгул, Молдо Нияз, Молдо Кылыч ж.б. айырмаланып, орус башчылары басып кирген заманга карата оңчул мүнөздө экени көрүнөт.

Нурмолдо алган билими, тутунган кесиби боюнча динге жакын адам болгондуктан, анын чыгармачылыгында динчил идеялар, сюжеттер кеңири орун алганы байкалат. Анткен менен анын көркөм мурасын жалаң динге такап койгондо да болбойт. Акыркы он жылдыктардагы коомдук турмушубуздун түп тамырынан бери өзгөрүшү биздин дүйнө кабылдообузду да болуп көрбөгөндөй астын-үстүн кылып отурат. Бүгүнкү күндө биз коммунисттик идеологиялык чынжырдан бошонуп, жалпы адамзаттык баалуулуктарды бекем тутунуу менен пенде баласын асыл максатка, арууишке, адал оокатка тарбиялай турган бардык көркөм мурастарды пайдалана билишибиз өтө зарыл болуп турат. Ушул чен-өлчөмдөн алып караганда акын Нурмолдо Наркул уулунун чыгармалары, андагы бийик гуманисттик идеялар, ашкере асыл баа сапаткасиеттер окуган адамды токтоосуз өзүнө тартып турат.

Даанышман акын Нурмолдонун көркөм мурасынын ичинде жашоо, турмуш, өмүр, өлүм жөнүндөгү ырлардын арбын болушу өзүнөн өзү мыйзамченемдүү көрүнүш. Бул багытта акындын «Болбосо», «Ойлончу», «Насип буйрук», «Өмүр жана өлүм» деген сыяктуу бир катар ырлары бар. Булардын дээрлик баарысы тең философиялык маани-маңызга да ээ болуп турушат. Мындай ырларында акын алмустактан бери келаткан «жакшы деген эмне?», «жаман деген эмне?» деген сыяктуу адеп-актык проблеманы кырынан коёт да, ал соболго мүмкүн болушунча өз дүйнө кабылдоосунун чен-өлчөмүнөн туруп кеп салат. Жогоруда эскерилген «Болбосо» деген ырын акын «чү» дегенде эле: Эмне жакшы, не жаман? – деп дал ушул маселе менен баштайт. Андан ары элдик санат- насыят ырларынын үлгүсү менен ар бир сапта турмуштан алынган, терең маани

сыйдырылган ойлорду айтып жүрүп олтурат. Нурмолдонун терең ишениминде ар бир адам бир нерсени туу тутуп, бир нерсеге сыйынып жашоосу кажет.

Ал эми акындын «Ойлончу» деген ыры да дал ушул түбөлүктүү маселелердин тегерегинде ой калчаганы менен көңүлдө калат.

Нооруздан аалам жаңырып
Көгөрөрүн ойлончу, –

деп чыгарма күнчыгыш элдеринде өзгөчө бир мааниге ээ болгон, жер жүзү жаңыланып, тирүүлүккө жаңы дем кошулат делип эсептелген Нооруздун маанисин ырдоо менен башталат да, жылдын төрт мезгили (жаз, жай, кыш, күз бу дүйнө //Өзгөрөрүн ойлончу»; туулган жер (тоолор бийик //чөлдөр пас): адамдар ортосундагы адеп-актык карымкатыштар («Жакшылар эске акылды//Бап саларын ойлончу,//Жамандар орой көңүлгө//Дак саларын ойлончу») жөнүндөгү кеп менен уланып, окуган адамды улам тамшандыра өзүнө тартып жүрүп олтурат. Дегеле Нурмолдо акындын «Ойлончу» деген бул ырынын ар бир сабы элдик эзелки аруу түшүнүктөр менен мамыр-жумур болуп ширелишип тургандай ой калтырат.

Нурмолдонун көркөм мурасынын ичинде өмүр, өлүм жөнүндөгү ырлары да өзгөчө орунда турат. Ал турсун эң сонун чыгармаларынын бири тике эле «Өмүр жана өлүм» деп аталат.

Бул жалганчы
дүйнөдө Өлбөйт эмес
өлөбүз. Акыры башта
бир нокто Ажал келсе
көнөбүз.

Акындар поэзиясынын дээрлик көпчүлүк өкүлдөрү сыяктуу эле Нурмолдо да замана жөнүндө ар түрдүү жагдайда ырдап өтүптүр. Өз мезгили, келер заман, анын наркнасили тууралуу эл алдына чыгып ырдаган ырларында да, эки-үч ырчы болуп топ жарышка түшкөн айтыштарында да дамамат кеп салып жүрүп олтуруптур. Нурмолдонун бул багыттагы ырлары баштан-аяк толук бойдон Калыгул, Молдо Нияз, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо сыяктуу акындардын замана жөнүндөгү чыгармалары менен үндөшүп турат.

Орус темасына арналган ырларында орустар менен болгон алака-катыштын зарылдыгын, элдин келечеги үчүн Ак Пааша менен болгон мамиленин оң, туура жолдо болушунун өтө керектигин белгилеп кеткендиги Нурмолдонун кийинчерээк окурмандарга сунуш кылынган «Кыргыз поэзиясынын антологиясынын» 1-томунда жарык көргөн ырларынан ачык-айкын байкалат. Бул ыр түрмөктөрүндө даанышман акын өткөн XX кылымдын башындагы биринчи дүйнөлүк согуш, орус империясынын карамагына кирип калган чет жакадагы элдердин өкүлдөрүнөн тыл жумуштарына чакыруу жөнүндөгү Николай IIнин 1916-жылкы 25-июндагы жарлыгынан кийинки алабал жөнүндө кеп салат. «Ыйманыбызды кепил тутуп моюнга алып коюучу нерсе ушул – эгерде тарыхтын өнүгүш агымын даана сезе алган, падышанын жарлыгынын түпкү маңызын тереңден аңдай алган, жана да ошол көөдөндөгү туюмун, көкүрөктөгү оюн жаамы журтка жеткире алган Нурмолдого окшогон даанышман адамдар дагы да көбүрөөк болгондо элибиз 1916-жылкы кандуу окуяга туш болбойт беле деген ойго келебиз».

Бардык даанышман акындар сыяктуу Нурмолдо да санат-насыят ырларын бир топ жараткан. Айрыкча билимдүүлүккө, окумалдыкка үндөгөн «Кызык китеп жан шерик //Куржунуңа салып жүр» деген накыл кеби ар качан актуалдуулугун жоготпойт. Анан да «Молдо кыргыз медресесиндеги ырлар» жыйнагына «Нурмолдонун нускоолору» деген аталыш акындын нускоо сөздөрүнүн бүтүндөй бир баптын көлөмүндөгү чоң топтому берилген. Же болбосо: «Калкыңы атканың// Күм-жам болуп жатканың», «Адам болсоң ак жүр//Алыш-беришке так жүр», «Токоюн кыйса тоо урайт// Уларын кырса-зоо кулайт», «Жалкоолугуна кылбай ар// Жүз жаштан ашкандар бар», Кечиримсиздер бирикпейт //Кекчилдерди «чирик» дейт» деген сыяктуу булактын тунук көзүндөй таза ой, таза пикирге

ширелген накыл сөздөр бир топ. Бирок ошол эле учурда бул топтомго элдик экендиги эч бир талашты туудурбаган «Күрүчтүн шылтоосу менен//Күрмөк суу ичет», «Ай караган теке суукка тоңуптур// Бай караган ачтан өлүптүр», «Ар кимде бар бир кыял//Ал кыялды ким тыяр» деген сыяктуу нуска сөздөр да Нурмолдонуку делип орун алып калганы жыйноочу жана жыйнакты түзүүчүлөр үчүн эч бир аброй алып келбей турган иш болуп калган.

Жыйынтыктасак, Нурмолдо Наркул уулу өз заманынын эң бир билимдүү адамдарынын бири, ар кыл өнөрдүн ээси, сөздүн толук маанисиндеги энциклопедист болгон. Нурмолдо – улуттук сыймыгыбыз, андыктан анын педагогикалык жана көркөм мурастарын үйрөнүү иши мындан ары карай кыйла жандандырылышы максатка ылайык.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Байгазиев С. Ала-Тоодогу агартуунун тарыхынын кыскача очерки (XVII кылымдан 1917-жылга чейин). – Б., 2005.
2. Байгазиев С. Нурмолдо – XIX кылымдын кылымдын тунгуч агартуучусу жана даанышман педагогу. – Б., 2005.
3. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы. – Б., 1994.
4. Молдо Багыш Сарыбай уулу. Абак дептери. – Б.: Акыл, 1998. – 262 б.
5. Нурмолдо. Замана. – Б., 1997.
6. Нурмолдо. Молдо кыргыз медресесиндеги ыр. – Б., 1997.
7. Садык Алахан. Беш Молдо (Илимий портреттер). – Б., 2004.



***Рецензент: Осмоналиева Г.К.–*** *филология илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы КУУнун факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасынын башчысы.*